# Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин аткарган иштери боюнча отчёт, анализдери

**2017-2018- окуу жылы**

**2018-2019- окуу жылы**

**2019-2020- окуу жылы**

**2020-2021-окуу жылы**

# Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата отчёт, анализи

**Программанын өтүлүшү.**

Кыргыз тили-кыргыз элинин мамлекеттик тили, улуттук маданияттын эң жогорку формасы .Ар бир кыргыз жараны эне тилинде эркин сүйлөп , аны жогорку деңгээлге көтөрүү керектигин жүрөк түпкүрүндө сакташы керек. Мектеп программасында берилген темаларды жакшы өздөштүрүү менен бирге , эне тилде таза сүйлөө , аны сактоо , өстүрүү, жайылтуу керектигин жаш муундардын көкүрөгүнө сиңдирүү кыргыз тили мугалиминин парзы. Ошондуктан бекитилген программаларды иш жүзүнө ашыруу максатында мугалимдер бар күчүн жумшашат.Ар бир жылдын жыйынтыгында окуучулар программанын канча пайызын өздөштүргөндүгү мониторин аркылуу берилет. Ар бир предметтин программаларынын аткарылышы көзөмөлдөнөт.Бул жылкы кыргыз тили сабагы төмөндөгүдөй санда аткарылды.

| *Класс* | *1-чейрек* | *2-чейрек* | *3-чейрек* | *4-чейрек* |
|---|---|---|---|---|
| 11-а | 34 - 34 | 34 - 28 | 40 - 38 | 31 -31 |
| 11-в | 27 - 26 | 21 -21 | 30 - 29 | 23 -21 |
| 10-а | 27 -26 | 23 -21 | 30 -28 | 23-23 |
| 10-в | 16 -18 | 16 -14 | 20 -20 | 16 -13 |
| 9-а,б,г | 27 -26 | 21 -24 | 30 -29 | 23 -23 |
| 9-в,д | 16 -17 | 16 -14 | 20 -19 | 16 -14 |
| 8-а,б | 27 -26 | 21 -21 | 30 -30 | 23 -22 |
| 8-в,д | 27 -25 | 23 -21 | 30 -28 | 23-23 |
| 7-а,б | 27 -26 | 21 -21 | 30 -29 | 23 -21 |
| 7-в,д | 24 -26 | 24 -21 | 30 -29 | 21 -20 |
| 6-а,б,г | 18 -17 | 16 -14 | 20 -17 | 16 -15 |
| 6-в,д | 32 -35 | 30 -28 | 40 -40 | 34 -29 |
| 5-а,б | 18 -18 | 16 -14 | 20 -20 | 16-13 |
| 5-в,д,е | 34 -35 | 30 -26 | 40 -39 | 34 -28 |
| 4-а,б,г | 27 -26 | 23 -28 | 30 -29 | 23 -20 |
| 4-в,д,е | 32 -27 | 21 -20 | 27 -27 | 16 -16 |
| 3-а,б | 27 -27 | 21 -21 | 30 -30 | 23 -20 |
| 3-в,д | 27 -27 | 21 -22 | 30 -27 | 24 -24 |

**Олимпиаданын жана экзамендердин жыйынтыгы**.

Усулдук бирикменин планында бекитилип, жыл сайын өткөрүлгөн мектептеги класстар арсындагы олимпиада быйыл өзгөчөлөндү.

Себеби пилоттук класстардын окуучуларына берилүүчү тапшырмалар критерийлер менен берилди. Аткарылган иштердин жыйынтыгында окуучулардын көп тилдүү программанын негизинде окугандыгы балдар үчүн пайдалуу экендигин байкадык.

| *№* | *Окуучунун аты-жөнү* | *классы* | *жыйынтыгы* |
|---|---|---|---|
| 1. | Маткаримова Даяна | 7-а | 2-орун |
| 2. | Амиракулова Нурия | 7-а | 3-орун |
| 3. | Беренбекова Айтурган | 5-а | 3-орун |
| 4. | Усерова Сезим | 11-а | 2-орун |
| 5. | Темирбек к Альбина | 11-а | 2-орун |
| 6. | Рысбекова Айсулуу | 4-б | 2-орун |
| | | | |
| 1. | КАрыпбекова Бермет | 8-д | 1-орун |
| 2. | Сыдыкбекова Алтынай | 8-д | 2-орун |
| 3. | Карыпбеков Дастан | 6-в | 1-орун |
| 4. | Кулукеева Элмира | 7-д | 3-орун |

Кыргыз тили сабагынан 9-11-класстарынын окуучулары мамлекеттик экзамен тапшырышты.Быйылкы кырдаалга байланыштуу жыйынтык баалары гана коюлду.Окуучулардын жыл ичинде жасаган аракети бааланды. Жалпысынан бүтүрүүчү класстардын көрсөткүчү жакшы.

| | | |
|---|---|---|
| 9-а -45% | 9 -б -52,7% | 9-г-43,7% |
| 9-в-36,3% | 9-д- 37,8% | |
| 11-а-54,8% | 11-в-66,6% | |

**Ийгилитер(эмне кылуу керек?).**

Кыргыз тили усулдук бирикменин мугалимдери жыл сайын көптөгөн ийгиликтерди багындырып келүүдө.Быйылкы жыл дагы жемиштүү болду десем жаңылышпаймын. Кулубаева Жыпары Шарщеновна Билим берүү башкармалыгынын ардак грамотасы менен,Абдысаитова Динара Айдаралиевна Кыргыз ликасынын Президентине караштуу улуттук комиссиясынын төш белгиси менен сыйланышты.

**Сынактардын жыйынтыгы**

| *№* | *Сынактын талаптары* | *Эмне кылуу керек?* |
|---|---|---|
| 1. | “Мыкты дилбаян “Кыргыз тили | Алдыга умтулуу.Өзүнө ишенүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | мыйзамынын 30 жылдыгына карата уюштурулду.Окуучулар берилген темада чектелүү убакыттын ичинде дил баян жазуусу керек Окуучунун сөз байлыгы,орфографиялык сабаттуулугу текшерилди.<br>10-в классынын окуучусу Бейшембек кызы Гулиза<br>2-орунду багындырды. | |

**Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу.**

Ар бир окуучунун өзү жактырган жана кызыккан предмети болору анык. Себеби баланын жөндөмү ар башка болгондугунан ,ой жүгүртүүсү айырмаланып тургандыгынан. Биздин бирикмедеги мугалимдердин айтуусуна караганда окуучулар көбүнчө өзгөчө ыкмаларды жактырарын.Алар менен дайыма кыймыл менен сабак өтүү кызыктуу экендигин көп ирет угуп жана өз тажрыйбаларыбызда колдонуп жүрөбүз.Балдарды кызыктуу оюнар менен ,ролдоштуруп ,образдуу сабак өтүү аябай тартат.Башталгыч класстары көбүнчө жандуу болушат .Ал эми чоң класстар үчун талаш-тарташ, жарыш сабактары з кызыктуу.Окуучуларга кыргыз тили жана адабияты сабактары жагарына биз ишенебиз.

**Мугалимдердин сабакта колдонгон ыкмалары.**

| ***Ыкмаларды колдонуусу*** | ***Эмне кылуу керек?*** |
|---|---|
| Ар бир мугалимдин өзүнүн колдонгон, максатка жетүү үчүн окуучуларды кызыктырган методу бар.Ар бир сабакта ар башка ыкманы колдонуу бул мугалим үчүн жаңылык да эмес деп ойлоймун.Темага жараша сабакка даярдануудан алдың бир көз жүгүртүп көрүү ,окуучулардын деңгээлин эске алып колдонуу жакшы жыйынтык берет. Класстын деңгээли начар же окуучуларга кызыксыз болсо ,ал ыкма ишке ашпайт. | Тажрыйба бөлүшүү керек.<br>Ачык сабактарга катышуу жана өзү өтүү абзел. |

**Окуучулардын жетишүүсү.**

Биздин окуучулар көптөгөн конкурстарга катышып , жакшы

жекишкендиктерге жетишүүдө.2018-окуу жылында 8-д классынын окуучусу Жолдошбек уулу Кутман көркөм окуу кароо-сынагынан байгелүү оунга ээ болгон

| ***район*** | ***шаар*** | ***республика*** |
|---|---|---|
| 1-орун | 3-орун | |

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмедеги мугалимдер жамаатында тажрыйбаалуу, көрөгөч, туура багыт берүүчү мугалимдер топтолгон.Арасында жаш болсо дагы өзүнүн жакшы жактарын көрсөткөн жаш адистери да бар. Жалпысынан мугалимдердин жетишүүсү жакшы.Ар жыл сайын байгелүү орундарды багындырып, башка мектептин мугалимдерине үлгү көрсөтүп келүүдө. Билим жаатына токтолсом.Окуучулардын кызыгуусу үчүн бардык күчүн жумшап келүүдө.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Абдысаитова Д.А.

# Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 20019-2020-окуу жылында аткарган иш-чараларынын отчет, анализи

## Август,сентябрь

2014-2020-жылдырында Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизинде иш пландарын аткаруу. Жаңы окуу жылындагы айрым өзгөрүүлөрдү: окуу планы, окуу программалары, окуу китептери боюнча маалыматтарды туура жайылтуу менен бирге бир ыргакта ишке ашыруу.

Ар бир кырыгыз тили мугалими окуу пландары жана жаңы окуу китептер менен таанышып чыгышты. Программанын негизинде пландарды түзүшүп, бекитишти.

2018-2019-окуу жылындагы пландардын аткарылышы боюнча анализдер жүргүзүлдү. Мугалимдер жетишүүлөрүн жана кемчиликтерин ортого салышты.

Билимин жогорулатуу курсуна баруучу мугалимдердин тизмеси бекитилип, директордун орун басарына берилди. Жаңы жылдан баштап Абдысаитова Д.А, Алиева А.М, Алмаматова М.И, Жумадылова А.С, Майтиева Н.К, Сулайманова Н.К окуу курсатыран өтүп, сертификаттарга ээ болушту.

Кыргыз тили мыйзамынын 30 жылдыгына карата үч айлык жарыяланып, сентябрь айынан баштап даярдыктар көрүлө баштады. Бул жылы мектептеги мугалимдерге берилүүчү тапшырма ар тармактуу болду.
Абдысаитова Д.А-Кыргыз эл акыны Ш.Дүйшеев агайыбыз менен “Мамлекеттин келечеги мамлекеттик тилде”аттуу коференция ,
Жумадылова А.С-“Тилим менин тирегим”кыргыз музыкаларын флешмоб, Майтиева Н.К- кыргыз тили боюнча интервью, Алиева А.М-“Тилим менин тирегим”аттуу көркөм окуу конкурсун, Сулайманова Н.К- “Мамлекеттик тил кече,бүгүн, эртең дебат, Акжолтоева Н.Ж-«Кел, кыргызча сүйлөшөлү» аталышындагы акция , Акылбекова П,М- «Жаш манасчы» фестивалы, Алмаматова М,И- “Кыргыз тили кылымдарды карыткан,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан “видеороликтерди даярдашып, жогорку деңгээлде өткөрүштү.

Кыргыз тилин окутууда окуучулардын так,туура сүйлөөсүнө туура багыт берип, иш жүргүзүү керектигин предметен берген мугалимдер билишет.

Ар бир предметтик мугалим өз сабагын кызыктуу жана жеткиликтүү болуш үчүн аракет кылат. Ошол максаттарга жетүү үчүн ар кандай методдорду колдонушу керек. Кыргыз тилин өтүүдө окуучуларды туура группага бөлүү менен

бирге туура методдорду тандоосу керек. Ал үчүн мугалим окуучулардын таза сүйлөөсүнө ,тилди туура колдонуусуна жакшы өбөлгө түзүп,багыт берүүсү абзел.

Кыргыз тилин окутууда окуучуларды туура сүйлөөсүнө оозеки кепке көңүл бөлүүсү зарыл. Бирикмедеги кыргыз тили сабагынан берген мугалимдердин сабакта кандай методдорду кодонуусу, окуучулардын сүйлөө речине көңүл бөлүүсү көзөмөлдөнүп турат.Бул сабакка азыркы учурда кызыгып окуган окуучулар көп, ошол себептүү мугалимдердин туура багытта иштеп жатканын байкадык.Жетишпеген окуучулар менен жеке иштөөсү көзөмөлдөнүп турат. Кыргыз тили сабагынан берген ар бир мугалим өзүнүн методдору менен иштешет.Бул көрүнүшкө бир мисал Кулубаева Жыпара Шаршеновна бош убактысында сабакка жетишпеген, начар окуган окуучулар менен жеке иш жүргүзөт. Ал жат жазууга басымды көбүрөөк коёт.Алиева Алтынай эжекебиз сабак учурунда өтүлгөн темаларды начар окуган окуучулар менен кайталап, эске түшүрүү менен бирге балдар менен иш алып барат.Кээ бир мугалимдер эрежелерди кайталоо менен балдарга кайра түшүндүрүү иштерин аткарышат. Сулайманова Назгүл Кемеловна сөздүк менен иштөө аркылуу окуучулар менен иш алып барат. Жалпысынан мугалимдердин окуучулар менен иш алып баруусу жакшы жыйынтык берүүдө.

Кыргыз тили усулдук бирикмесинин сентябрь айына пландалган 3-11-класстарындагы окуган окуучулардын кыргыз тили сабагынан билим сапатын текшерүү бекитилген.Бул тапшырманы ошол класстарда кыргыз тилинен сабак берген мугалимдер алуусу айтылып, тапшырмалар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалган. Тапшырманын максаты окуучулардын кыргыз тили сабактарынан өткөн жылдын жыйынтыгы менен салыштыруу, окуучулардын тилди өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө.

Башталгыч класстарынын, тактап айтканда 3-4-класстарында окуган окуучулардын билим сапатынын жыйынтыгы жакшы көрсөткүчтү берди.

5-класстарынын жазган жат жазуусунун жыйынтыгы жалпысынан айтканда «канааттандырарлык»деп бааланды. 2018-2019-окуу жылындагы башталгыч класстарында берилген көрсөткүчтөр менен салыштырып көрсөк, бир топ өзгөрүүлөрдү байкадык.

6-7-8-9-10-11-класстарынын жыйынтыгы жакшы.Берилген көрсөткүчтөр жогорку пайыздарды көрсөткөн. Алардын ичинен 6-а, 8-в, 9-а-класстары төмөн пайыздарды беришти.

3-а-46%  3-б-45%  3-г-30%  3-в-41%  3-д-44%

4-а-27%  4-б-37%  4-г-56%  4-в-56%  4-д-43%  4-е-40%

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5-а-25% | 5-б-84% | 5-в-20% | 5-д-17% | 5-е-54% |
| 6-а-17% | 6-б-29% | 6-в-40% | 6-г-62% | 6-д-34% |
| 7-а-50% | 7-б-29% | 7-в-60% | 7-д-41% | |
| 8-а-62% | 8-б-52% | 8-в-15% | 8-д-30% | |
| 9-а-16% | 9-б-33% | 9-в-37% | 9-г-46% | 9-д-28% |
| 10-а-42% | 10-в-30% | 11-а-43% | 11-в-57% | |

Берилген тапшырмаларды аткарууда мугалимдердин ыкмаларынын өзгөчөлүгүнө күбө болдук.Себеби жаңы коммуникативдик ыкмаларды пайдаланган мугалимдерибиз.Билим деңгээлдерин текшерүү иштери менен алышкан.
Ошол себептен кээбир класстардын жыйынтыгы начар болуп калды.Жалпысынан текшерүү «жакшы» деп бааланды.

Жаш муундарды сабатуу жазууга үйрөтүү-оор жана жооптуу милдеттердин бири. Ошондуктан окуучулардын кол жазмаларын көзөмөлдөө, орфографиялык эрежелерди сактоону талаптары иш дептеринен байкалат. Окуучу мектептен кандай маалымат албасын, ал дептерине жазат.Берилген тапшырманы дептерине иштейт. Баланын сабакта жетишүүсү сабак учурунда гана эмес, дептерин текшерүүдө да байкаса болот. Бул көрүнүштөргө башталгыч класстан эле көзөмөлдөө керектигин мугалимдер билишет.

Усулдук бирикменин сентябрь айында бекитилген планындагы дептерлерди текшерүү жана сандарын толуктоо киргизилген.Бул текшерүү усулдук бирикменин жетекчисине бекитилген. Планды аткарууда мугалимдердин тизмеси,сабак берүүчү класстары жазылап дептерлер текшерилди.Ар бир класстагы окуучуларда эки иш дептери жана бир жат жазуу дептерлери бар экенин белгиледим .Кээ бир мугалимдер орус тилдүү балдар үчүн сөздүк дептерлери менен иштешкенин байкадым. Алиева А.М сөздүк дептерлари менен. 1-класстар менен иштешкен мугалимдер иш дептерлери менен иштешет.Жумадылова А.С сабак берген класстарына үй ишине өзүнчө жана класс иши үчүн дептерлер менен иштейт.Кыргыз тили сабактарынан берген мугалимдер дептер текшерүүдөгү ыкмалары менен бөлүштү.

**Октябрь**

Окуучулардын билимдеги жетишүүсүн суроо-жооп аркылуу биле алабыз. Ал үчүн чейрек сайын зачет же тест алуубуз абзел.Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жылдык планында ар бир айда класстардын билим сапатын текшерүү бекитилген. Октябрь айында 6-класстарынын окуучуларынан кыргыз

адабияты сабагынан билим сапаты текшерилди.Берилүүчү суроолор кыргыз эл оозеки чыгармаларынын бөлүнүшү жана «Эр Төштүк» эпосунан берилди.Жыйнтыгында 6-а кл 23%, 6-б кл 10%, 6-в 39%, 6-д кл 13% көрсөткүчтү беришти.Предметтик мугалимдер менен кеңешип, окуучуларга кыска убактын ичинде суроолорго жооп берүүгө көнүктүрүү абзел экендигине ынандык.

5-класс ортоңку баскычтагы окуучулардын катарына киргени менен берилген тапшырмалардын аткарылышын, кол жазмаларынын калыптанышын көзөмөлдөө дептерлердин абалын текшерүү пландалган.Бул текшерүүдө 5-класстарын текшерүүдө көптөгөн кемчиликтерди байкадым.5-а кл көпчүлүк окуучулар жаңы ачышыптыр, 5-б кл дептерлердын абалы начар, көпчүлүгүндө жок, 5-в кл текшерилген, 5-г кл текшерилген, 5-д кл дептерлердин абалы начар, көнүгүүлөр жок, окуучулар толук жазышкан эмес.

6-класстарынын дептерлеринин абалы 6-а кл кээ бир окуучулардын дептерлери кир, 6-б кл эки дептер ачылган биринчиси-класстагы көнүгүүлөдү жазууга, экинчиси-үй ишин аткарууга. Бирок дептерлер текшерүүсү азыраак. 6-в окуучулардын теңи текшерилип, теңи текшерилген эмес. 6-д жарым жартылай текшерилген. Окуучулардын көпчүлүгүндө дептери жок экен. Бул текшерүүдөгү жыйынтык мугалимдерге айтылып, кемчиликтерди жоюу керектиги эскертилди.

Мектепте билим берген мугалимдердин баары чыгармачыл, артист , кээ бир жерлерде куудул өнөрлөрү болуусу керектигин көп жерлерде айтышат. Бул сөздү айтанымдын себеби, сабак өтүүдөгү , окуучуларга билим берүүдөгү мугалимдин чыгармачылыгы ар бир теманы ар кайсыл ыкмада түшүндүрүүсү, окуучуларга жеткирүүсү керек. Бул талаптарды ишке ашырууда биринчи кезекте кабинетти сабактарга ылайыкташтырып , лаборотория катарында көрүүсү жана түзүүсү абзел.Айтылган сөздөр менен эмнени айткым келип турат. Окуучу кабинеттен теманын 50% түшүнүп чыкса жана ошону кийинки сабакта колдонсо , мисалдар менен далилдесе, кийинки тема менен байланыштыра алса,ошондо мугалим өз максатына жетет.

Азыркы учурдагы абалга көз жүгүртүп көрсөк. Жаңы коммуникативдик ыкманы колдонууда же көп тилдүүлүк ыкмаларын колдонуу үчүн көптөгөн талаптар, шарттар керектигин билебиз. Балдарды кызыктыруу үчүн таблицалар , карточкалар, кинофильмдер, ой жүгүртүүчү суроолор керек.Кабинеттин кемчилигин айтып гана отурбастан жогун толуктоого, барын туура колдонууга үйрөнүшүбүз жана билишибиз керек.Быйылкы 2019-2020-окуу жылында мектептеги кабинеттердин 50% заманбап телевизорлор менен жана интернет менен камсыз болду.Бул мугалим үчү эң чоң жардам. Себеби керектүү

маалыматтарды табуу менен бирге сабак өтүүдө окуучулардын кызыгуусун арттырар.Азыркы күндөгү талаптарга жооп берет.

**Ноябрь**

2019-2020-окуу жылындагы усулдук бирикменин жылдык планында бекитилген 8-класстарынын кыргыз адабияты сабагынан билим сапатын текшерүү жүргүзүлдү. Берилүүчү тапшырмалар окуучулар өткөн темалардан тандалып алынды. Орус тилдүү балдарга тест түрүндө, ал эми кыргыз тилдүү балдарга суроо-жооп түзүлдү. Билим сапатын алуу үчүн аз гана убакыт болгондуктан суроонун дагы саны аз болду. Кыргыз класстарына «Манас»эпосунан, ал эми орус класстарына кыргыз эл оозеки чыгармалардан тапшырмалар . Срез алуу учурунда окуучулардын кыска жана так жооп берүүсү талап кылынды. Жыйынтыгында 8-а кл 24%, 8-б 26%, 8-в 12,5% 8-д13% деген көрсөткүчтөрдү беришти. Предметтик мугалимдер окуучулардын кемчиликтерин көрүштү,жоюу максатында ыкмалардын түрлөрүн колдонууда.

Усулдук бирикменин планында бекитилген максаттарын бири дептер текшерүү. Ноябрь айынды 7-класстары текшерилген . Текшерүүдө орфографиялык талапка жооп бере турган дептерлер бар экендиги айтылды. 7-класстарынын үй тапшырмалары, берилген көнүгүүлөрдү жазуусу, орфографиялык каталары, тыныш белгилерди туура коюусу эске алынды. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай талаптар дагы катуураак болду. Окуучулардын үй тапшырмаларды аткарбай же толук эместиги текшерүүдө байкалды. Жогорку класстарынын окуучуларынын дептерлерин күн сайын текшерүү керектиги айтылып, башка ыкмаларды да колдонуусу керектиги эскертилди. УБ жылдык планында бекитилген талаптар чейрек сайын текшерилип, кемчиликтер айтылып, кенештер берилет.

Башталгыч класстарда окуган окуучулар бир мугалимге, бир кабинетке үйрөнүп калгандыктан, окуучуларды 5-класска келгенде жаңы мугалимдерге жана жаңы талапка көнүүсүн , үйрөнүүсүн көзөмөлдөө абзел .

5-класста окуган окуучулар дагы бир баскычка жогорулады. Бул жылга чейин алар төмөнкү баскычта(башталгыч класстарда) окушса . Азыр алардын сабактары, мугалимдери, сабакка болгон талаптар өзгөрүлдү. Аларды бул талаптарга көндүрүү үчүн биз жардам беришибиз керек.Мисалы: сабактын башталышын, кайсы кабинеттерде өтүлө тургандыгын, тапшырмаларды берүүдө түшүндүрүп, суроолорго жооп берүүбүз керек. Ушунун баарын өздөштүргөнгө чейин көмөгүбүзгө мукташ экендигин эсибизден чыгарбообуз абзел. Быйлкы 5-классынын окуучулары аракетчил, активдүү экендигине күбө болдук.

Эгерде бул окуучуларга багыт берсек жакшы жыйынтыкка ээ болобуз деген үмүттөбүз. 10-класстарынын окуучулары көпчүлүгү жаңы.Бир мектепте 9 жыл окуган окуучу башка мугалимдерге көнүүсү,үйрөнүүсү,балдар менен тил табуусу кыйын болушу мүмкүн. Себеби окуучунун мүнөзүнө жана адам менен баарлашуусу да ар кандай болорун эске алуубуз абзел.Анын баарына көнүл буруубузду талап кылат. 2019-2020-окуу жылындагы 5-10-класстарынын жогорку баскычтаргы көнүүсү жакшы. 2-чейректе окуучулар ишеничтүү жооп беришүүдө.

**Декабрь**

Ар бир окуу жылынын жыйынтыгында 9-класстар мамлекеттик экзамен тапшырышат .Экзаменге даярдык жана планды ишке ашыруу максатында.Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декабрь айында 9-класстарынын окуучуларына баяндама жаздырып, жыйынтыгын чыгаруу керектиги мугалимдерге билдирилген. Өтүлгөн темаларды эске алып, окуучулар үчүн баяндаманын темасы тандалды.Окуучулар баяндаманын жазылуу шарттары менен тааныштырылган. Ошол себептен текст үч жолу окулуп, түшүнүксүз жерлери түшүндүрүлүп берилди.

Жалпысынан алганда окуучулардын саны 9-в классында 35,
9-д классынды 37 . Баяндаманын жыйынтыгын «орто» деп бааладык.Себеби окуучуларга берилген убакыт аз болгондугуна байланыштуу. Көпчүлүгү ойлорун кыска беришиптир.Жыйынтык чыгарылгандан кийин окуучулардын кетирген кемчиликтери баса белгиленип, жайкы экзамендерге чейин даярдык көрүүсү айтылды.

Күнүмдүк сабактарда аткарылган көнүгүүлөрдөн сырткары үй тапшырмалар берилүүсү керек. Мектептин иш планында бекитилген талаптардын бири 8-класстарынын окуучуларына берилген тапшырмалардын деңгээли. Бул текшерүүдө 8-класстарынын кыргыз тили сабагынан берилген тапшырмалардын деңээли талапка жооп берүүсүн көзөмөлдөө максатында планга бекитилген.Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарынын дептерлери үй ишине жана көнүгүү үчүн өзүнчө жазылгандыгы билинди. Окуучулар жаңы ыкмалар менен сабак өткөндүгүн жана талаптар башкача ыкта болгондугун билебиз.Ошол себептен кыргыз класстарына коюлган талап менен дал келбөөсү, текшерүү да өзгөчө болгондугу эске алынды.Тапшырмалардын саны 2-3-көнүгүү, темага дал келет.Текшерүүдө үй тапшырмалардын аткарылбагандыгы да эске алынды. 8-кл 140 окуучу окуйт. Балдардын айрымдары тапшырмаларды аткарбагандыгы билинди. 8-в классынан Умарбаев Кубанычтын жана Курчуев Асорбектин дептерлери жок экендигин жана тапшырмасы жок болсо, жаңы ачарын предметтик мугалими арызын билдирди.

Бул класстардын класс жетекчилери менен баарлашып, предметтик мугалимдерге кеңеш берилди.

**Январь**

Биринчи жарым жылдыктын жалпы жыйынтыгы каралды. 1-2-чейректеги кемчиликтерди, жетишкендиктердиктерди усулдук бирикменин мугалимдери талкуулоого алышты.Өтүлгөн пландарды, программаларды карашып, анализдерди беришти.

**Февраль**

Усулдук бирикменин жылдык планында окуунун экинчи жарым жылдыгында 5-класстарынын билим сапатын текшерүү бекитилген. Окуучулар башталгыч класстан жогорку класска көчүүдөгү өзгөрүүлөргө үйрөнүүсү жана мугалимдердин талаптарына көнүүсүнө убакыт керектигин баары билишет. Үчүнчү чейректе окуучулардын байкалып турат. Себеби, сабакка катышуусу, жооп берүүсү, өзгөрүүсүн ар бир мугалимге маалым . Планда бекитилген талапты аткарууда окуучулар берилген тапшырмаларды жакшы деңгээлде аткарышты. «Беш кол тең эмес»- дегендей. Кемчилик кетирген окуучулар да жок эмес.5-а кл 55% , 5-бкл 43%, 5-в кл 65%, 5-г кл 45 %, 5-д кл 50 % деген жыйынтыктарды көрсөтүштү. Жалпысынан жыйынтык «жакшы» деп бааланды.

Кыргыз тилин сабагында жазуу иштери, тапшырмалар көп болгондуктан дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Ар бир чейректе окуучулардын дептерлери текшерилет. Дептердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөө, мугалимдин баалоосу каралат. Ал үчүн таблицадагы берилген талаптар көрсөтүлгөн. Үчүнчү чейректе 9-класстын дептерлери текшериле тургандыгы жылдык планга бекитилген. Текшерүүдө айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес, кир жана үй тапшырмалар жазылбаган. Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп , мугалимдерге эскертүү берилди. Окуучулардын сабатуу жазуусуна көнүл буруу максатталган. Ошондуктан мугалимдерге койгон талаптар дагы ошол багытта болду.

21-февраль Эне тил күнүнө карата Абдысаитова Д.А. 11-в класстарынын окуучулары менен кыз жигиттердин таймашы Сармерден өткөрүштү. Даярдык эң жогорку деңгээлде өттү.Жыйынтыгында достук жеңди.

**Март**

Адам баласы өз оюн башка бирөөлөргө оозеки түрүндө жана жазуу түрүндө билдирери белгилүү. Жазылган ой окуучуларга ачык , так, толук

түшүнүктүү болсун үчүн , жана анын маанисинне тез түшүнүү үчүн, жазуу речинде кошумча катарында ар түрдүү тыныш белгилери колдонулат. Берилүүчү ойду тура берүү үчүн окучу сабаттуу жазууга көнүш керек. Бул деңгээлге жетүү үчүн окуу жана жат жазуу талаптары аткарылат. Ар бир класстын деңгээлине жараша тапшырмалар берилип, жыйынтыктар чыгарылат. 7-класстарынын билим сапатынын жыйынтыгын текшерүү предметтик мугалимдерге жүктөлгөн. Берилген тапшырмалар аткарылып, жыйынтык мындайча берилди: 7-а кл 65%, 7-б кл 51% , 7-в кл 55% , 70д кл 46 %.Жалпысынан 7-класстарынын деңгээли «жакшы».

Жаш муундарды сабаттуу жазууга үйрөтүү -оор жана жооптуу милдет. Ошондуктан окуучулардын орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугун жогорулатууда, грамматикадан алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү биздин милдет. Сентярь айынан баштап, апрель айына чейин дептерлерди текшерүү планга бекитилген. Март айынын иш планында дептерлердин абалын текшерүү пландалган. Бирикменин мугалимдерине ар бир чейрек сайын жазуу иштери, дептерлердин абалын текшерүү керектигин кеңешмеде дайыма айтылып келет.Март айында кыргыз тили бирикмесиндеги мугалимдеринин предмет боюнча жат жазуу дептерлери текшерилди.. Бул чейректе ар бир мугалим өзүнүн алдына койгон максаттарына жетишкендигин байкадык. Себеби,текшерүүдө алынган жат жазуулар убагында текшерилгендигине күбө болдук. Бирок окуучулардын кол жазмалары начар жана орфографиялык талапка жооп бербегендигин байкадык. Бул айда 11-класстарынын дептерлеринин абалы да текшерүүдөн өттү.11-кл бүтүрүүчү класстарынын иш дептерлери абалы талапка жооп бербегендигин байкадык. Мугалимдерге сунуштар айтылды.

5-март Ак калпак күнүнө карата Кулубаева Ж.Ш 9-10-класстарынын барлары менен жигиттер таймашын өткөрдү.Таймашта кыргыз улуттук салттар камтылып, суроолор берилди.Окуучулардын даярдыгы жогорку экендигин байкап,калыстар тобу 10-класстары жеңүүчү деп жыйынтыкташты.

**Апрель**

Мамлекеттик кырдаалга байланыштуу карантин учурунда мугалимдер түрдүү программалар менен иштөөнү үйрөнүштү.Окуучулар менен кайтарым байланыш түзүүдө classroom, multiurok, telegram, whatsapp, zoom программаларды колдонушту.Мугалимдер үчүн бул кырдаал оор болгону менен бири-бирине жардам берүү менен алдына койгон максаттарына жетишти.

**Май**

Мамлекетт ик тил боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын, майрамдардын отчёту берилди.

Ар бир предмет боюнча өткөрүлүүчү мамлекеттик экзамендердин даярдыктары текшелилди. Жылдык жыйынтык боюнча чейректик жана жылдык маниторингдер түзүлдү.

2020-2021-окуу жылына карата пландар түзүлдү.

2019-2020-окуу жылындагы кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетишкендиктери

1.Кыргыз тили мыйзамынын 30 жылдыгына карата өткөрүлгөн мыкты дил баян карoo сыганынан 10-классынын окуучусы Бейшембек кызы Гулиза 2-орунга ээ болду.

2.”Мыкты мекеме”сынагынды мектептин ищ кагаздары эӊ мыкты деп бааланды.

3.Кулубаева Ж.Ш Билим берүү башкармалыгынын ардак грамотасы менен сыйланды.

4.Абдысаитова.Д.А Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук коммисиянын төш белгиси менен сыйланды.

Усулдук бирикменен жетекчиси : Абдысаитова Д.А.

# Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына карата отчёт, анализи

**Программанын өтүлүшү.**

Кыргыз тили-кыргыз элинин мамлекеттик тили, улуттук маданияттын эң жогорку формасы катары саналат. Кыргыз тилин предмет катары мектепте окутуунун максаты бул-“окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө,кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компаненттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын эрежелерин кебинде туура сактоого үйрөтүү” .
Ар бир предметтин программаларынын аткарылышы көзөмөлдөнөт.
2020-2021- окуу жылында мамлекеттик кырдаалга байланыштуу, аралыктан окутуу болгонуна карабай. Бекитилген программаларды ар бир мугалим ишке ашырды. Бул жылкы кыргыз тили сабагы төмөндөгүдөй санда аткарылды.

| *Класс* | *1-чейрек* | *2-чейрек* | *3-чейрек* | *4-чейрек* |
|---|---|---|---|---|
| 11-а | 34 - 34 | 34 - 28 | 40 - 38 | 31 -31 |
| 11-в | 27 - 26 | 21 -21 | 30 - 29 | 23 -21 |
| 10-а | 27 -26 | 23 -21 | 30 -28 | 23-23 |
| 10-в | 16 -18 | 16 -14 | 20 -20 | 16 -13 |
| 9-а,б,г | 27 -26 | 21 -24 | 30 -29 | 23 -23 |
| 9-в,д | 16 -17 | 16 -14 | 20 -19 | 16 -14 |
| 8-а,б | 27 -26 | 21 -21 | 30 -30 | 23 -22 |
| 8-в,д | 27 -25 | 23 -21 | 30 -28 | 23-23 |
| 7-а,б | 27 -26 | 21 -21 | 30 -29 | 23 -21 |
| 7-в,д | 24 -26 | 24 -21 | 30 -29 | 21 -20 |
| 6-а,б,г | 18 -17 | 16 -14 | 20 -17 | 16 -15 |
| 6-в,д | 32 -35 | 30 -28 | 40 -40 | 34 -29 |
| 5-а,б | 18 -18 | 16 -14 | 20 -20 | 16-13 |
| 5-в,д,е | 34 -35 | 30 -26 | 40 -39 | 34 -28 |
| 4-а,б,г | 27 -26 | 23 -28 | 30 -29 | 23 -20 |
| 4-в,д,е | 32 -27 | 21 -20 | 27 -27 | 16 -16 |
| 3-а,б | 27 -27 | 21 -21 | 30 -30 | 23 -20 |
| 3-в,д | 27 -27 | 21 -22 | 30 -27 | 24 -24 |

**Олимпиаданын жана экзамендердин жыйынтыгы**.

2020- жылынын декабрь айында жалпы мамлекеттин окуу жайлары онлайн түрүндө болду. Ошондой кырдаалга карабастан 10-11- класстарынын окуучуларын олимпиадага даярдап, мугалимдер эмгектеништи.10-класстарынан

Абдинабиева Назерке , Фазиева Амина, 11-класстарынан Бейшенбекова Гулиза, Доскулова Миргүл мектептин наамын коргоп келишти. Балдардын бир жыл аралыганда алган билимдери жетишсиз болгонуна карабай, жакшы жыйынтык көрсөтүштү. Фазиева Амина 4- оруга ээ болду.

Кыргыз тили жана адабияты сабактарынан ар бир класстын жетишкендиктери чейрек сайын чыгарылат. Ар бир мугалим өзү берген класстардын деңгээлин, билим сапатын көзөмөлдөө үчүн мектепте мониторингдер чийилип, отчёттор тапшырылат.Берилген жыйынтыкта пайыздардын өзгөрүүсүнө аралыктан окутуу таасирин берди.

| № | Класстар | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | 64% | 27 % | 53 % | 21% | 30% |
| 2 | 5-б | 73% | 61 % | 47 % | 48% | 48% |
| 3 | 5-г | 58 % | 58 % | 61 % | 53% | 56% |
| 4 | 6-а | 64 % | 62 % | 51 % | 51% | 58% |
| 5 | 6-б | 67 % | 66 % | 65 % | 57% | 60% |
| 6 | 6-г | 47 % | 39 % | 52 % | 47% | 39% |
| 7 | 7-а | 48 % | 40 % | 41 % | 32% | 34% |
| 8 | 7-б | 47 % | 39 % | 48 % | 35% | 39% |
| 9 | 8-а | 57 % | 62 % | 50 % | 53% | 50% |
| 10 | 8-б | 38 % | 48 % | 46 % | 62% | 60% |
| 11 | 9-а | 69 % | 58 % | 74% | 71% | 71% |
| 12 | 9-б | 47 % | 63 % | 63% | 63% | 63% |
| 13 | 10-а | 77 % | 76 % | 80% | 90% | 85% |
| 14 | 10-б | 58 % | 50 % | 52% | 47% | 52% |
| 15 | 11-а | 38 % | 51 % | 51% | 64% | 70% |

| № | Класстар | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-в | 44% | 40% | 41% | 38% | 38% |
| 2 | 5-д | 43% | 31% | 34% | 34% | 31% |
| 3 | 5-е | 50% | 23% | 25% | 20% | 23% |
| 4 | 6-в | 47% | 42% | 38% | 33% | 39% |
| 5 | 6-д | 27% | 27% | 37% | 34% | 32% |
| 6 | 6-е | 39% | 39% | 25% | 35% | 35% |
| 7 | 7-в | 51% | 48% | 37% | 50% | 42% |
| 8 | 7-д | 30% | 30% | 22% | 17% | 17% |
| 9 | 8-в | 34% | 41% | 49% | 43% | 46% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | 8-д | 38% | 47% | 27% | 27% | 24% |
| 11 | 9-в | 40% | 39% | 44% | 50% | 47% |
| 12 | 9-д | 53% | 46% | 47% | 59% | 55% |
| 13 | 10-в | 53% | 64% | 60% | 50% | 50% |
| 14 | 11-в | 69% | 59% | 67% | 64% | 64% |

**Ийгилитер(эмне кылуу керек?).**

Кыргыз тили усулдук бирикменин мугалимдери жыл сайын көптөгөн ийгиликтерди багындырып келүүдө.Бул жылы дагы куру калган жок Акылбекова Перизат Майрамбековна Мамлекеттик тилдин майрамына карата өткөрүлгөн онлайн куттуктоо конкурсунан 2-орун алгандыгы үчүн, Абдысаитова Динара Айдаралиевна К.Карасаевдин 120 жылдыгына арналган класстык сааттардын короо сынагына активдүү катышкандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу улуттук комиссиясынын диплому жана баалуу белектери менен сыйланышты. Ушул жылдын 26 апрелинде кыргыз тили жана адабияты мугалимдери “Кыргыз тили экинчи тил катары окутууда коммуниккативдик методдун негизинде иштөө” деген темада шаардык семинар өткөрүштү. Алмаматова Махабат 5-г , Акылбекова Перизат 3-б класстарына кыргыз тили сабагынан ачык сабак беришти.

**Сынактардын жыйынтыгы**

| *№* | *Сынактын талаптары* | *Эмне кылуу керек?* |
|---|---|---|
| 1.<br><br>2. | Жалыпы кыргыз элин өзгөчө куттуктоо.<br>Алгачкы агартуучунун эмгектерин даңазалоо, балдарга жеткиликтүү түшүнүк берүү. | Алдыга умтулуу.Өзүнө ишенүү. |

**Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу.**

Ар бир окуучунун өзү жактырган жана кызыккан предмети болору анык. Себеби баланын жөндөмү ар башка болгондугунан ,ой жүгүртүүсү айырмаланып тургандыгынан. Биздин бирикмедеги мугалимдердин айтуусуна караганда окуучулар көбүнчө өзгөчө ыкмаларды жактырарын.Алар менен дайыма кыймыл менен сабак өтүү кызыктуу экендигин көп ирет угуп жана өз тажрыйбаларыбызда

колдонуп журөбүз.Балдарды кызыктуу оюнар менен ,ролдоштуруп ,образдуу сабак өтүү аябай тартат.Башталгыч класстары көбүнчө жандуу болушат .Ал эми чоң класстар үчүн талаш-тартыш, жарыш сабактары кызыктуу.Окуучуларга кыргыз тили жана адабияты сабактары жагарына биз ишенебиз.

**Мугалимдердин сабакта колдонгон ыкмалары.**

| ***Ыкмаларды колдонуусу*** | ***Эмне кылуу керек?*** |
|---|---|
| Ар бир мугалимдин өзүнүн колдонгон, максатка жетүү үчүн окуучуларды кызыктырган методу бар.Ар бир сабакта ар башка ыкманы колдонуу бул мугалим үчүн жаңылык да эмес деп ойлоймун.Темага жараша сабакка даярдануудан алдың бир көз жүгүртүп көрүү ,окуучулардын деңгээлин эске алып колдонуу жакшы жыйынтык берет. Класстын деңгээли начар же окуучуларга кызыксыз болсо ,ал ыкма ишке ашпайт.<br>2020-2021-окуу жылындагы өзгөчөлүк окуучуларды онлай түрүндө сабаккатарга кызыктыруу, темалар боюнча жеткиликтүү түшүнүк берүү. Кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер ар кандай программаларды колдонуу менен сабактарды өтүштү. | Тажрыйба бөлүшүү керек.<br>Ачык сабактарга катышуу жана өзү өтүү абзел. |

**Окуучулардын жетишүүсү**.

Жалпы дүйнөлүк кырдаалга байланыштуу кароо- сынактар онлайн түрүндө өткөрүлүп жатты.Окуучулар активдүү катышышты.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмедеги мугалимдер жамааты кандай гана тапшырма берилбесин , өз тажрыйбалары , ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен аткарышып келүүдө.Кырыгз тили мугалимдеринин өзгөчөлүгү ынтымагында.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Абдысаитова Д.А.

## *Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылында аткарган иш- чараларынын отчет, анализи.*

**Сентябрь**

2018-2019-окуу жылын баштоодо мугалимдерге жайкы эс алуусу жакшы болгондугун байкоо менен бирге жылдык пландардын өзгөчөлүгүн айтуу жана аны ишке ашыруу жөнүндө маалымат берилди.
Август кеңешмесинде календарлык пландарды толуктоо жана бекитүү керектиги айтылып, мугалимдерге кеңеш берилди. Ар бир жаңы окуу жылына түзүлүүчү пландарды бирден карап чыгуусу, кемчиликтерин оңдоосу каралды.

УБ мугалимдер өз билимин өркүндөтүү үчүн алынган темаларга пландар түзүлүп, айлык пландар бекитилип мугалимдерге тааныштырылды. Бирикмедеги мугалимдер жаңы дем, күч менен иштеп башташты.Усулдук бирикмеде иштеп жаткан мугалимдерине 5-классатарынын окуучуларынын калыптануусуна жардам берери эскертилди.

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү.Бул жылы мамлекеттик тил мыйзамынын 29 жылдыгына арналган «Кыргыз тилин даңктайлы»деген темада иш –чара өткөрүлдү. Иш чаранын планы боюнча мектеп фоесинде бурч уюштурулду. Ар бир класс майрамга карата дубал гезиттерин даярдап, сынактарга катышышты. Жогорудагы теманын негизинде ар бир класстын окуучулары флешмоп бийлешти. Мектептеги башка предметтик мугалимдер өз класстарына класстык сааттарды өткөрүшүп , иш -чара жыйынтыкталды.

Кыргыз тили усулдук бирикмесинин сентябрь айына пландалып, 5-8-10-класстарындагы окуган окуучулардын кыргыз тили сабагынан билим сапатын текшерүү бекитилген. Бул тапшырманы ошол класстарда кыргыз тилинен сабак берген мугалимдер алуусу айтылып, тапшырмалар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалган. Тапшырманын максаты окуучулардын кыргыз тили сабагынан өткөн жылдын жыйынтыгы менен салыштыруу, окуучулардын тилди өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө.

5-класстарынын жазган жат жазуусунун жыйынтыгы жалпысынан айтканда «канааттандырарлык»деп бааланды.Башталгыч класстарында берилген көрсөткүчтөр менен салыштырып көрсөк, биртоп өзгөрүүлөрдү байкадык. Окуучулардын мугалимдерге көнбөгөндүгүнөн, талаптын катуулугунан

5-класстаранын окуучулары начар көрсөткүч беришти. 5-а 27%, 5-б 31% , 5-в 68% , 5-г 54% , 5-д 43% пайыздарды көрсөтүштү. Окуучулар кетирген каталарды карап чыгып, китеп аз окугандыктан жана эс тутумдун алсыздыгынан ушундай жыйынтык беришти деген чечимге келдик 8-класстын окуучуларынын жогорку класстарына кошулгандыгы, бир баскычка көтөрүлгөндүгүнүн негизинде билим сапаты текшерилди. Окуучуларга жат жазуунун талаптарына туура келген тапшырмалар менен текст тандалды.Орус тилинде окуган окуучуларга текст даярдап, текшерүү жат жазуу алынды.8-а18%, 8-б 21%, 8-в42%, 8-г45%,
8-д 17,5% деген жыйынтыкка ээ болушту.8-класстарынын арасынан
8-д классында окуган окуучулар 8-в классына салыштырмалуу начар. Бул класстарынан чыгармачыл жат жазуу жаздырылгандыктан окуучулардын көпчүлүгү өз ойлорун кенен бере алышпагандыгы байкалды. Орус тилдүү билим алган класстары жат жазуу жазышкандыктан пайыздары жогоркуну көрсөтүүдө.10-клссында окуган окуучулардын көпчүлүгү жаңы келген окуучулар.Берилген тапшырмалар класстын деңгээлине жараша тандалган. Окуучулардын ону жат жазууну жакшы жазышкан. Жыйынтыгында 10-кл 38%, 10-в класс 40% көрсөттү.Берилген т жатт жазуу класстардын деңгээлине жараша жана жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалган.

**Октябрь.**

Кыргыз тил сабагында жазуу иштери , тапшырмалар көп болгондуктан, дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Бул чейректе окуучулардын дептерлери текшерилди. Текшерүүдө дептерлердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөөсү, мугалимдердин баалоосу каралган. Ар бир таблицадагы берилген талаптар белгиленди . Биринчи чейректе 5-8-10-класстарынын дептерлерин текшерилди, айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сырты жок , кир жана үй тапшырмалары жазылган эмес.Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп, мугалимдерге эскертүү берилди.

Усулдук бирикмеде ар бир айга пландар түзүлүп, бекитилет. Пландар менен мугалимдер таанышкан жана план боюнча иш жүргүзүшкөн. Быйылкы жылдын планында коммуникативдик методун , баалоо критерийлердин өзгөчөлүгүн жайылтуу максатта мугалимдер тажрыйба алмашуу үчүн сабактарга катышып, кеңештерди алышты. Кыргыз тилинен берген мугалимдердин бары жаңы метод боюнча билимдерин жогорулатуу

курстарынан өткөндүгүн , жаңы ыкма боюнча түшүнүк алгандыгын эске алуу менен пландалган.

Кыргыз тилинин усулдук бирикменин жылдык планында бекитилген 6-класстарынын билим сапатын текшерүү октябрь айына пландалган. Окуучулардын алган билимдерин эске алуу менен бирге берилүүчү тапшырмалар түзүлдү жана мугалимдердин арасында талкууга салынды.

Мугалимдер сабак берген класстарынын деңгээлин айтуу менен бирге берилүүчү тапшырмаларды карап чыгышты.

Окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөндүктөн тапшырмалар дагы өтүлүүчү пландын негизинде түзүлдү. Берилген тапшырма кыргыз класстары үчүн сөз түркүмдөрү боюнча жана морфологиялык талдоо үчүн тапшырмалар берилсе, орус класстары үчүн ат атооч , анын түрлөрү боюнча тапшырмалар берилди. Жалпы 6-класстарында 139 окуучу билим алат. 6-а кл 45%, 6-б кл 28%, 6-в кл 58%, 6-д кл 38% деген пайызды беришти. Окуучулар тарабынан созулма үндүүлөрдөн , удаа келген үнсүздөрдөн , ташымалдоодон каталар кетирилген. Берилген жыйынтыктар жөнүндө предметтик мугалимдер менен сүйлөшүүлөр болду. Мугалимдерге кемчиликтер айтылып , аларды жоюуга тоскоол болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн сунуштар айтылды.

Башталгыч класстарда окуган окуучулар бир мугалимге, бир кабинетке үйрөнүп калгандыктан, окуучуларды 5-класска келгенде жаңы мугалимдерге жана жаңы талапка көнүүсүн , үйрөнүүсүн көзөмөлдөө абзел 5-класста окуган окуучулар дагы бир баскычка жогорулады. Бул жылга чейин алар төмөнкү баскычта(башталгыч класстарда) окушса . Азыр алардын сабактары, мугалимдери, сабакка болгон талаптар башка болгондуктан алар бул талаптарга көндүрүү үчүн биз жардам беришибиз керек.Мисалы: сабактын башталышын, кайсы кабинеттерде өтүлө тургандыгын, тапшырмаларды берүүдө түшүндүрүп, суроолорго жооп берүүбүз керек. Ушунун баарын өздөштүргөнгө чейин көмөгүбүзгө мукташ экендигин эсибизден чыгарбообуз абзел. Быйылкы 5-классынын окуучулары аракетчил, активдүү экендигине күбө болдук. Эгерде бул окуучуларга багыт берсек жакшы жыйынтыкка ээ болобуз деген үмүттөбүз.

**Ноябрь**

Быйылкы жылдын иш планында жыл башында бекитиклген ноябрь айында өткөрүлүүчү мектептеги класстар арасындагы олимпиада пландалып, өткөрүлдү. Бекитилген мугалимдер ЖумадыловаА.С, Абдысаитова Д.А, Алмаматова М.И, Кулубаева Ж.Ш, Сулайманова Н.К белгиленген күнү

окуучулардын арасынан олимпиаданы өткөрүштү. Окуучулар жакшы маанай менен жакшы даярдык менен келип , катышышты. Бардык класстардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тапшырмалар берилди. Быйылкы тапшырмаларда берилген суроолордун баарына жооп берген окуучуларга биринчи орун берилди.Эгерде суроолордун экөөсүнө жооп туура эмес болуп калса, экинчи орунга ээ болушту.Катышкан окуучулар өз күчтөрүн сынашып, төмөнкү жыйынтыкка жетишти. Меймаккул кызы Алина, Маткаримова Даяна жакшы көрсөткүчтөрдү берди . Бул окуучулардын билимин баалоодо ар бир мугалим кылдаттык менен текшерип , баалашты. Экинчи чейректин жыйынтыгында грамота менен сыйланышты.

Жаш муундарды сабаттуу жазууга үйрөтүү оор жана жооптуу милдет.Ошондуктан окуучулардын орфографиялык жана пунутуациялык сабаттуулугун жогорулатууда, грамматикадан алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү биздин милдет. Ноябрь айынын иш планында дептерлердин абалын текшерүү пландалган. Бирикменин мугалимдерине ар бир чейрек сайын жазуу иштери, дептерлердин абалын текшерүү керектигин кеңешмеде дайыма айтылып келет.14-18-ноябрь айында кыргыз тили бирикмесиндеги мугалимдеринин предмет боюнча жат жазуу дептерлери текшерилди. Бул чейректе ар бир мугалим өзүнүн алдына койгон максаттарына жетишкендигин байкадык. Себеби,текшерүүдө алынган жат жазуулар убагында текшерилгендигине күбө болдук.Кээ бир окуучулардын кол жазмалары начар жана орфографиялык талапка жооп бербегендигин байкадык. Жалпысынан айтканда текшерүүнүн жыйынтыгы «канаат-лык»деп бааланды. Мугалимдерге сунуштар айтылды. Кыргыз тили сабагында сүйлөмдөрдү түзүү, текст түзүү, эреже жаттоо менен гана чектелбестен сүйлөмдөрдү синтаксистик жана сөздөрдү морфологиялык талдоо керектигин предметтик мугалимдер билишет. 2018-2019-окуу жылындагы усулдук бирикменин жылдык планында бекитилген 7-класстарынын талдоо боюнча билим сапатын текшерүү Кулубаева Ж.Ш берилди. Ноябрь айынын иш планын аткарууда окуучуларга бирден сүйлөм түзүү аны синтаксистик жана морфологиялык талдоо жүргүзө тургандыгы түшүндүрүлдү. Берилген тапшырманын жыйынтыгында
7-д классында 17 окуучу синтаксис , 12 окуучу морфология. 7-в классында
7 синтаксис, 3 морфология талдоону «5» жана «4» билери бааланды.
Жалпысынан 7-д кл синтак 50%,морф 35%, 7-в синтак 25%, морф 11% ээ болушту.

## Декабрь

Кыргыз көркөм адабиятындагы белгилүү жана кыргыз элинин залкар инсаны Ч.Айтматовдун чыгармаларын чагылдырган «Аалам алпы-Айтматов» аттуу райондо деңгээлде адабий кече өткөрүлдү.Бул кечеге кыргыз класстарынын 5-11-класска чейинки окуучулары катышты.Алар ограмманын негизинде өтүлгөн чыгармаларды сахналаштырып үзүндү коюшту.Биринчи май районуну мамлекеттик тил боюнча башкы адиси Илясова Жылдыз Турганалиевна жана мамлекеттик тил боюнча директордун орун басарлары, мугалимдер катышты. Окуучулардын ар бир бөлүнгөн ролдорун эң жогорку деңгээлде аткаргандыгын көрүп, коноктор жана мектеп жамааты өз ыраазычылыгын билдиришти.
Кыргыз тили сабагында жазуу иштери, тапшырмалар көп болгондуктан дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Ар бир чейректе окуучулардын дептерлери текшерилет. Дептердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөө, мугалимдин баалоосу каралган. Ал үчүн таблицадагы берилген талаптар каралат. Биринчи чейректе 5-6-7-8-10-класстарынын дептерлери текшериле тургандыгы жылдык планга бекитилген. Текшерүүдө айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес, кир жана үй тапшырмалар жазылбаган. Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп , мугалимдерге эскертүү берилди. 5-класстарынын дептерлеринин сырткы көрүнүшү жакшы , бирок чиймелеп, булгап жазган окуучулар бар экен Кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер көбүрөөк тазалыкка көңүл коюусу айтылды.6-7-класстары орфографиялык талапка жооп бере турган дептерлер бар экендиги , 8-класстарынын үй тапшырмалары толук эместиги , берилген көнүгүүлөрдү жазып , талдабай койгондуга байкалды.10-кл балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай талаптар дагы катуураак болду. Окуучулардын үй тапшырмаларды аткарбай же толук эместиги текшерүүдө байкалды. Жогорку класстарынын окуучуларынын дептерлерин күн сайын текшерүү керектиги айтылып, башка ыкмаларды да колдонуусу керектиги эскертилди. УБ жылдык планында бекитилген талаптар чейрек сайын текшерилип, кемчиликтер айтылып, кеңештер берилет.

## Январь

УБ жетекчи, бирикмедеги мугалимдер программанын аткарылуусу боюнча анализ беришти. Мугалимдер пландардын жетишүүсү, өзгөрүүсү боюнча

ойлорун айтышты. 1-жарым жылдыкка түзүлгөн пландардын аткарылгандыгы жөнүндө бирикменин жетекчиси Абдысаитова Д.А,мамлекеттик тил боюнча мүдүрдүн орун басары Жумадылова А.С отчет берди. Журналдар текшерилди. Пландардын аткарылышы каралып, кемчиликтер айтылды.

Көп тилдүүлүк билим берүү программасынын аткарылышын текшерүү жнана иш алып баруу ай сайын көзөмөлдөнүүдө.Мектептеги 3-6-7-8-класстарынан тандап алынган пилоттук класстар менен иш алып баруу менен бирге, мугалимдер тажрыйба алмашууда. Бул максатта көп тилдүүлүк программасын жайылтуу жана тажрыйба бөлүшүү үчүн Абдысаитова Д.А, Алмаматова М.И 3-6-класстарына коммуникативдүү ыкманын негизинде Биринчи май райондук мектептердин мугалимдерине мастер клас көрсөтүштү. ЭТР каналынын К.Карибекованын көп тилдүүлүк боюнча автордук программасыныа тартылышты.

**Февраль**

Усулдук бирикмедеги мугалимдер өздүк билимин өркүндөтүү боюнча темаларыны негизинде пландырын аткарышууда. Ар бири жетишкен максаттарын , кетирилген кемчиликтерин бөлүшүп, мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Айзат Сагынбековна менен кеңешип иш алып барууда. Бул ыкманын өзгөчөлүгү орус класстарында билим алган окуучуларды өз ойлорун айтууга жана ой чабытын өстүрүүгү шарт түзүү.Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары ЖумадыловаА.С бирикмедеги мугалимдердин өздүк темаларынын үстүндө иштөөсү жөнүндө маалымат берди.

Усулдук бирикменин жетекчиси,бирикмедеги мугалимдер “Эне тили” күнүнө карата ар бир класстан бирден номер даярдалып, концерттик программа өткөрүлдү. Ар бир класс өз даярдыгы менен иш чарага активдүү катышышты.

Усулдук бирикменин жылдык планында окуунун экинчи жарым жылдыгында 5-класстарынын билим сапатын текшерүү бекитилген. Окуучулар башталгыч класстан жогорку класска көчүүдөгү өзгөрүүлөргө үйрөнүүсү жана мугалимдердин талаптарына көнүүсүнө убакыт керектигин баары билишет. Үчүнчү чейректе окуучулардын өзгөрүүсү байкалып турат. Себеби, сабакка катышуусу, жооп берүүсү, мүнөздөрүнүн өзгөрүүсүн ар бир мугалимге маалым Планда бекитилген талапты аткарууда окуучулар берилген тапшырмаларды жакшы деңгээлде аткарышты. «Беш кол тең эмес»- дегендей. Кемчилик

кетирген окуучулар да жок эмес.5-а кл 55% , 5-бкл 43%, 5-в кл 65%, 5-г кл 45 %, 5-д кл 50 % деген жыйынтыктарды көрсөтүштү. Жалпысынан жыйынтык «жакшы» деп бааланды.

Кыргыз тилин сабагында жазуу иштери, тапшырмалар көп болгондуктан дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Ар бир чейректе окуучулардын дептерлери текшерилет. Дептердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөө, мугалимдин баалоосу каралат. Ал үчүн таблицадагы берилген талаптар көрсөтүлгөн. Үчүнчү чейректе 10-класстын дептерлери текшериле тургандыгы жылдык планга бекитилген. Текшерүүдө айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес, кир жана үй тапшырмалар жазылбаган. Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп , мугалимдерге эскертүү берилди. Окуучулардын сабатуу жазуусуна көнүл буруу максатталган. Ошондуктан мугалимдерге койгон талаптар дагы ошол багытта болду.

**Март**

Адам баласы өз оюн башка бирөөлөргө оозеки түрүндө жана жазуу түрүндө билдирери белгилүү. Жазылган ой окуучуларга ачык , так, толук түшүнүктүү болсун үчүн жана анын маанисинне тез түшүнүү үчүн жазуу речинде кошумча катарында ар түрдүү тыныш белгилери колдонулат. Берилүүчү ойду туура берүү үчүн окуучу сабаттуу жазууга көнүш керек. Бул деңгээлге жетүү үчүн окуу жана жат жазуу талаптары аткарылат. Ар бир класстын деңгээлине жараша тапшырмалар берилип, жыйынтыктар чыгарылат. 7-класстарынын билим сапатынын жыйынтыгын текшерүү предметтик мугалимдерге жүктөлгөн. Берилген тапшырмалар аткарылып, жыйынтык мындайча берилди: 7-а кл 65%, 7-б кл 51% , 7-в кл 55% , 70д кл 46 %.Жалпысынан 7-класстарынын деңгээли «жакшы».

Жаш муундарды сабаттуу жазууга үйрөтүү оор жана жооптуу милдет.Ошондуктан окуучулардын орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугун жогорулатууда, грамматикадан алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү биздин милдет. Сентярь айынан баштап, апрель айына чейин дептерлерди текшерүү планга бекитилген. Март айынын иш планында дептерлердин абалын текшерүү пландалган. Бирикменин мугалимдерине ар бир чейрек сайын жазуу иштери, дептерлердин абалын текшерүү керектигин кеңешмеде дайыма айтылып келет.Март айында кыргыз тили бирикмесиндеги мугалимдеринин предмет боюнча жат жазуу дептерлери текшерилди.. Бул чейректе ар бир мугалим өзүнүн алдына койгон

максаттарына жетишкендигин байкадык. Себеби,текшерүүдө алынган жат жазуулар убагында текшерилгендигине күбө болдук. Бирок окуучулардын кол жазмалары начар жана орфографиялык талапка жооп бербегендигин байкадык. Бул айда 11-класстарынын дептерлеринин абалы да текшерүүдөн өттү.11-кл бүтүрүүчү класстарынын иш дептерлери абалы талапка жооп бербегендигин байкадык. Мугалимдерге сунуштар айтылды. УБ бирикмедеги мугалимдер өз предметтери боюнча чейректин жыйынтыгын чыгарып, мониторинг түзүштү. УБ бирикмедеги кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер март айында өткөрүлө турган декаданы жакшы даярдык менен кызыктуу,өзгөчө өткөрүштү. УБ жетекчиси планда бекитилген тапшырмаларды аткарды. Мугалимдерге кемчиликтер айтылды.

**Апрель**

Мам.тил боюнча директордун орун басары Жумадылова А.С жана УБ жетекчиси Абдысаитова Д.А кыргыз тили сабактарында колдонулган иш дептерлердин абалы менен таанышып чыкты. Мам.тил б-ча директордун орун басары жанаУБ жетекчиси түзүлгөн пландарды карап көрүп,бекитишти УБ жетекчиси,бирикмедеги мугалимдер көчүрүү жана мамлекеттик экзамендерди өткөрүү үчүн пландарды түзүшүп, даярдык көрүштү. УБ бирикмедеги кыргыз тили сабагынан берген

УБ бирикмедеги мугалимдер 10-кл окуучуларынын кыргыз тили сабагынан билимдерин текшеришти. УБ жетекчиси менен МТ боюча мүдүрдүн орун басары мугалимдер үчүн анкеталык суроолорду даярдап, беришти. УБ кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер класстарге тест даярдашып билимдерин текшеришти. Ар бир класстардын жетекчилери бул күнгө карата класстык сабактарды өтүштү.

**Май**

Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү жат жазуу,тест,текшерүү иштери алынды.Бул алынган жыйынтыктарга мониторингдер түзүлдү.

Мамлекетт ик тил боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын, майрамдардын отчёту берилди.

Ар бир предмет боюнча өткөрүлүүчү көчүрүү,мамлекеттик экзамендердин даярдыктары текшелилди. Жылдык жыйынтык боюнча чейректик жана жылдык маниторингдер түзүлдү.

2019-2020-окуу жылына карата пландар түзүлдү.

**Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменен жетекчиси : Абдысаитова Д.А.**

# *Чет тилдер усулдук бирикмесинин 2017-2018-окуу жылында аткарылган иш- чараларынын отчет, анализи.*

## *Сентябрь*

Окуу жылынын башталышы дайыма август кеңешмеси менен башталат.Чет тилдер усулдук бирикмесинин мугалимдери шаардык август кеңешмесинде айтылган өзгөрүүлөр жөнүндө таанышты. Мам.тил боюнча директордун орун басары жана УБ жетекчиси кыргыз тили жана адабияты сабагынан берген мугалимдердин жумалык жүктөмөлөрү боюнча тааныштырып,түзүлгөн пландарды карап көрүп, бекитишти. УБ мугалимдери убактылуу журналдарды ачышып, план боюнча толтуруп баштады. Мугалимдер усулдук теманын негизинде пландарды түзүшүп,окуу жылын жаңы күч , дем менен башташты. Жаңы келген мугалимдер менен иш алып баруу , бардык мугалимдерге тиешелүү. Жаш адистерге беш жылга чейин көмөк көрсөтүү керектигин баары билишет.Тажрыйбалуу мугалимдерге жаш мугалимдер бекитилди. Мугалимдердин өздүк темалары б-ча пландары түзүлүп, алдына койгон максаттарга жетүү үчүн жаңы ыкмалар колдоно башташты.Кыргыз тил мыйзамынын майрамына караты өткөрүлө турган жумалыктын планы түзүлдү. Жумалыкка кыргыз тилинен берген мугалимдер жана окуучулар активдүү катышты.

Кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер 5-8-10-кл билим сапаттарын текшеришти. 5-класстарынын жазган жат жазуусунун жыйынтыгы «канааттандырарлык»деп жыйынтыкталды.Башталгыч класстарында берилген көрсөткүчтөр менен салыштырып көрсөк, биртоп өзгөрүүлөрдү байкадык. Окуучулардын мугалимдерге көнбөгөндүгүнөн, палаптын катуулугунан 5-в класс 35%, 5-дкласс 17% жыйынтыкты берди. 8-класстын окуучуларынын жогорку класстарына кошулгандыгы, бир баскычка көтөрүлгөндүгүнүн негизинде билим сапаты текшерилди. Окуучуларга жат жазуунун талаптарына туура келген тапшырмалар менен текст тандалды.8-класстарынын арасынан 8-д классында окуган окуучулар 8-в классына салыштырмалуу начар. Ал көрүнүштү ошол класстарында кыргыз тили сабагынан берген мугалим Кулубаева Ж.Ш. айтып келүүдө.Жалпысынан 8-в класс 48%, 8-д класс 30%жыйынтыкты көрсөттү.

10-клссында окуган окуучулардын көпчүлүгү жаңы келген

окуучулар.Берилген тапшырмалар класстын деңгээлине жараша тандалган. Окуучулардын ону жат жазууну жакшы жазышкан. Жыйынтыгында 10-в класс 40% көрсөттү.

***Октябрь***

Октябрь айы мектептпги өткөрүлө турган олимпиаданын планын карап чыгуу жана бекитүү менен башталды. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары жанаУБ жетекчиси түзүлгөн пландарды карап көрүп, бекитишти.Айрым тапшырмаларга кошумчалар киргизилди.

Усулдук бирикменин октябрь айындагы пландын негизинде 6-класстарында окуган окуучулардын англис тилинен билим сапатын текшерүү бекитилген. Бул тапшырмада окуучулардын деңгээлине жараша суроолор түзүлүп, тапшырмалар берилди. Азыркы учурдун балдары чет тилдерине кызыгуу менен карашарын барыбыз билебиз. Берилген тапшырмалар окуучулар үчүн кызыктуу болду десем жаңылышпаймын. Балдар аз убакыттын ичинде тапшырманы аткарышты. Кээ бир окуучулардын начар жыйынтык көрсөтүүсүнө мугалимдердин алмашуусу себеп болду.

Кыргыз тили сабагында жазуу иштери, тапшырмалар көп болгондуктан дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Ар бир чейректе окуучулардын дептерлери текшерилет. Дептердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөө, мугалимдин баалоосу каралган. Ал үчүн таблицадагы берилген талаптар каралат. Биринчи чейректе 5-6-класстардын дептерлери текшериле тургандыгы жылдык планга бекитилген. Текшерүүдө айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес, кир жана үй тапшырмалар жазылбаган. Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп , мугалимдерге эскертүү берилди. 5-класстарынын окуучулары туура жазууга үйрөнүш керектиги айтылды. 6-в,д-класстарынын дептерлеринин сырткы көрүнүшү жакшы , бирок чиймелеп, булгап жазган окуучулар бар экен . Кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер көбүрөөк тазалыкка көңүл коюусу айтылды. Башталгыч класстарда окуган окуучулар бир мугалимге, бир кабинетке үйрөнүп калгандыктан, окуучуларды 5-класска келгенде жаңы мугалимдерге жана жаңы талапка көнүүсүн , үйрөнүүсүн көзөмөлдөө абзел .

5-класста окуган окуучулар дагы бир баскычка жогорулады. Бул жылга чейин алар төмөнкү баскычта(башталгыч класстарда) окушса . Азыр алардын сабактары, мугалимдери, сабакка болгон талаптар башка болгондуктан алар бул талаптарга көндүрүү үчүн биз жардам беришибиз керек.Мисалы: сабактын башталышын, кайсы кабинеттерде өтүлө тургандыгын, тапшырмаларды берүүдө

түшүндүрүп, суроолорго жооп берүүбүз керек. Ушунун баарын өздөштүргөнгө чейин көмөгүбүзгө мукташ экендигин эсибизден чыгарбообуз абзел. Быйлкы 5-классынын окуучулары аракетчил, активдүү экендигине күбө болдук. Эгерде бул окуучуларга багыт берсек жакшы жыйынтыкка ээ болобуз деген үмүттөбүз.

***Ноябрь***

Чет тилде усулдук бирикмесинин ноябрь айындагы иш планында англис тили сабагынан 7-класстарынын окуп которуусун текшерүү бекитилген. Бул берилүүчү тапшырманы англис тилинен берген мугалимдер окуучулардын деңгээлине жараша тандап алып, окуучуларга беришти.7-класстарынын окуучулары кызыгуу менен окуп, которушту.Мугалимдер берилүүчү тапшырмаларды ар бир класстын деңгээлине жараша тандаган.

Окуучулардын билимин текшерүүдө класстар арасында жыл сайын бирикменин планында бекитилип олимпиада өткөрүлөт. Олимпиадага окуучулар жан дили менен катышышат.Быйылкы олипиадага башталгыч классынын окуучулары да активдүү катышышты. Кыргыз тили сабагынан суроолор түзүлүп, окуучулар өз ойлорун баракка жазып беришти.Англис тили сабагынан окуучулар тесттик суроолорго жооп беришти , сүйлөмдөрдү толуктап, тексттеги түшүнүктөрүн жазышты. Жыйынтыгында кыргыз тилинен 8-а классынын окуучусу Мураталиева Мээрим , 9-а кл окуучусу Намазбекова Аделина , 4-г кл окуучусу Болтбекова Алина 1-орунга, 7д -кл окуучусу Абир кызы Айпери, 7-в кл окуучусу Абдыкеримова Назерке 2-орунга ээ болушту. Англис тили сабагынан 10-кл окуучусу Шербакова Милана 1-орун, 5-а кл окуучусу Абдылдаев Дауд 2-орунга ээ болушту. Олимпиадага жооптуу мугалимдер адилеттүү баалашты.

Усулдук бирикменин планында бекитилген максаттарын бири дептер текшерүү. Ноябрь айынды 7-8-класстары текшерилген . Орфографиялык талапка жооп бере турган дептерлер бар экендиги айтылды. 8-класстарынын үй тапшырмалары толук эместиги , берилген көнүгүүлөрдү жазып , талдабай койгондуга байкалды.Декабрь айында 9-10-класстары текшерилди. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай талаптар өзгөрдү. Окуучулардын үй тапшырмаларды аткарбай же толук эместиги текшерүүдө байкалды. Жогорку класстарынын окуучуларынын дептерлерин күн сайын текшерүү керектиги айтылып, башка ыкмаларды да колдонуусу керектиги эскертилди. УБ жылдык планында бекитилген талаптар чейрек сайын текшерилип, кемчиликтер айтылып, кенештер берилет.

***Декабрь***

Мектептеги класстар арасында өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы чыккандан кийин орун алган окуучуларды куттуктоо мезгили да келип жетти. Орун алган окуучуларды өзгөчө куттукташты себеби 5-11-класстарынын арасынан алдыга умтулуп чыгуу бул өзүнчө эрдик десек болот.

Мектеп администрация тарабынан уюштурулган чейрек сайын жазылуучу жат жазуулардын отчету убагында текшерилип турат.Отчетто алынган жат жазуулардын жыйынтыгы чыгарылып, баалардын пайыздары кошо жазылат.Мугалимдер берилүүчү, жазылуучу отчетту убагында толтуруп коюшат. Бекитилген пландардын жүрүшү, өткөрүлгөн сабактардын саны, чейрек сайын текшерилип турат.Отчетто берилген талаптарга мугалимдер өз иштерин жазышат.Бул талаптар администрация тарабынан текшерилип турат.

•

2017-2018-окуу жылынын 11-декабрдан баштап 20-декабрна чейин англис тили декадасы пландалып өткөрүлдү.Декаданын темасы :" Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөр".Максаты: Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн өзгөчөлүктөрүн жайылтуу.

11-декабрь күнү англис тилинде берген мугалимдер декаданын ачылышын жасашты.Ачылышта он күн аралыгында ар бир англис тили сабагы англис тилинде ырлар менен башталышын жана окуучуларды өз каалоосу менен ырларды тандоосу айтылды.

12-декабрь ар бир класстарга мугалимдер тарабынан берилген англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн көрүнүктүү жерлерин тартып келүү тапшырмасы каралып ,тартылган сүрөттөр илинди. Сүрөт көргөзмөсү 14-декабрга чейин созулду.Акыркы күнү эң жакшы тартылган сүрөттөрдү тандап чыгып , байгелүү орундарды ыйгарышты.Алардын ичинен 7-д, 8-б-класстары 1-орун, 8-в, 5-в класстары 2-орун ,10-в ,8-д класстары 3-орунга ээ болушту.

15-декабрь англис тили мугалими Щус Настя 10-а классына «Өспүрүмдөрдүн көйгөйү» деген темада ачык сабак өттү.Сабакка англис тилинен берген мугалимдер жана усулдук бирикменин жетекчиси катышты. Сабакка катышкан окуучулардын көпчүлүгү англис тилинде кенен сүйлөгөнүн байкадык жана өзүлөрүнүн көйгөйлөрүн тартынбай айткандары мугалимдерди таң калтырды.

18-декабрь 5-в клссына «Этиштин терс формасы» деген темада Токтогонова Амина Шакиновна ачык сабак берди. Окуучулардын жаш

өзгөчөлүгүнө карабай активдүү катышып ,өз ойлорун айтып беришти.

20-декабрь күнү декаданын жабылышы болду.Декадага 3-11-класстарынын окуучулары активдүү катышышты.

2017-2018- окуу жылынын чет тилдер усулдук бирикмесинин жылдык палныныда бекитилген 8-класстагы окуган окуучулардан чыгармачылык жат жазуу алуу керектиги жазылган. Бул жат жазуунун түрү окуучулардын ой жүгүртүүсүн , көркөм сөз каражаттарды колдонуусун өстүрөт жана баяндама жазууга үйрөтөт. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен бирге текст тандалды. Тексттин темасы «Чолпонбай».Окуучулар өз ойлорун кенен жана түшүнүктүү жазуусу эскертилди. 8-в классы мазмууну 30%, кетирилген каталарына 45%. 8-д мазмууну 8%, кетирген катасы 30% көрсөтүштү. Окуучулардын өз ойлорун кенен бере албагандыгын байкадык. Бул 8-д классынын окуучуларын берген жыйынтыгынан көрсөк болот.

Кыргыз тили сабагында жазуу иштери, тапшырмалар көп болгондуктан дептерлерди текшерүү чейрек сайын пландалган. Ар бир чейректе окуучулардын дептерлери текшерилет. Дептердин абалы, тазалыгы, ката менен иштөө, мугалимдин баалоосу каралат. Ал үчүн таблицадагы берилген талаптар каралат. Биринчи чейректе 5-6-класстардын дептерлери текшериле тургандыгы жылдык планга бекитилген. Текшерүүдө айрым кемчиликтер кетирилгендиги байкалды. Кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес, кир жана үй тапшырмалар жазылбаган. Бул көрүнүштөр жөнүндө талкуу жүргүзүлүп , мугалимдерге эскертүү берилди.5-а,б,в,г,д-класстары ,6-а,б,в,г-класстары, ноябрь айынды 7-8-класстары ,декабрь айында 9-10-11-класстары текшерилди.УБ жылдык планында бекитилген талаптар чейрек сайын текшерилип,кемчиликтер айтылып,кенештер берилип турат.

## ***Февраль***

2017-2018-окуу жылынын 12-февралдан баштап 17-февралга чейин англис тили жумалыгын өткөрүү бекитилген. Бул иш чарага №54 ЖОББ мектебинин мугалимдери да активдүү катышышты. Алгач жумалыктын планы түзүлүп , максаты коюлу.

Жумалыктын темасы: ***«Англис тили – эл аралык баарлашуу тили».*** Жумалыктын максаты: ***Окуучуларга тил үйрөтүү менен бирге достукка чакыруу.***

2018-жылдын 12-февраль күнү жумалыктын ачылышы болду.Окуучулардын жумалыкка арнап тартып келген сүрөттөрүнүн

көргөзмөсү өткөрүлдү .Көргөзмөгө 5-класстан тартып, 11-класска чейинки окуучулар катышышты.

13-февраль күнү Атабаева Жамал 3-в классынын окуучуларына «Мөмө жана жашылча жемиштер»деген темада ачык сабак берди. Окуучулардын англис тилин үйрөнүүдө аз убакыт болсо да аракет кылышып, жооп беришти. Жемиштердин өңдөрүн ажыратып, боеп берүүсү , мугалимдин сөздөрүнө түшүнүп, жооп берүүсү бизди таң калтырды.

14-февраль күнү англис тили мугалими Токтогонова Амина Шакировна 5-в классы менен «Бөлмөлөр» деген темада ачык сабак өткөрдү. Сабактын башында англис тилинде бөлмөлөр жөнүндө фильм көрсөтүлдү. Окуучулар берилген суроого туура жооп беришип, сабактын темасын айтышты. Андан кийин темага ылайыктуу сүрөттөр илинип, жаңы сөздөр түшүндүрүлдү. Окуучулар сүрөттөрдү карашып бөлмөлөрдүн аталышын жана ал жакта эмне кыларын айтып беришти. Жуп менен иштөөдө бири-бирине суроо беришип, ага жоопторун алышты.

15-февралда Мыктыбекова Кыял Мыктыбекова 5-а классына «Англис тили-улуттар аралык баарлашуу тили»деген темада ачык сабак берди. Окуучулар англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдү, элдерди айтып беришти. Окуучулардын активдүүлүгүн көрүп, келечектеги жаштарыбыздын англис тилине кызыгуусу аябай жогорку экенин байкадык. Бул да болсо биздин алдына койгон кадамдарыбыздын бири. Себеби, англис тилнде дүйнө жүзү сүйлөгөнүн билебиз.

16-феврарь күнү Чокеева Алтынай Султанмуратовна 5-а классы менен «Жемиштер»деген темада ачык сабагын өткөрдү. Мугалимдин окуучуларга сабактын башынан баштап англис тилинде сүйлөгөнү, балдар түшүнүшүп жооп бергени бизди таң калтырды. Жемиштердин өзгөчөлүгүн, алардын которулушун окуучулар туура айтышты. Мугалимдин көп сүйлөөсү окуучулардын кээ бирлерине түшүнүксүз болгондой сезилди. Жалпысынан сабак жакшы өтүлдү. Жумалыкты жыйынтыктап жатып англис тилинен берген мугалимдердин жаш адистиктерине карабай, аз убакытта алган тажрыйбалары менен ачык сабактарды бергенине биз ыраазы болдук. Англис тили мугалимдери өткөрүлгөн жумалыкка активдүү катышышты.

Ар бир мугалимдин жыл башында өзү тандаган жана бекитилген методикалык темалары бар. Бул теманын үстүндө беш жыл иштөөсү зарыл жана милдеттүү. Ар бир предметке карай беш жылдын планын түзуп, мугалим

теманын үстүндө иштейт. Жыл сайын аткарган иштери боюнча отчет берип турат.Быйылкы жылда жалпы мектептин методикелык темасы өзгөргөндүктөн усулдук бирикмедеги мугалимдердин темалары да алмаштырылды. Себеби жаңы ыкманын негизинде башкача айтканда коммуникативдүү ыкманын негизинде түзүлүп , бекитилди. Ар бир усулдук бирикмедеги мугалимдер окуп, үйрөнүп келген методдору боюнча иш алып барышууда. Өткөрүлгөн декада жана жумалыктарда мугалимдер ачык сабактарга катышып, көптөгөн маалыматтарды алышты. Жаңы ыкманы өздөштүрүү жана алып кетүү үчүн ар бир майда бөлүкчөлөрүнө көнүл буруусу керектигин мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жумадылова Айзат Сагынбековна түшүнүк берип турду жана берүүдө. Быйылкы жылы окуган мугалимдер үчүн практика жүзүндө көрсөтүү аябай пайдалуу болду десем жаңылышпаймын. Мугалимдер ачык сабактарга катышуу менен бирге көптөгөн тажрыйба алмашты.

***Март***

2016-2017-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабактарынан берген мугалимдер өз билимин өркүндөтүү боюнча коммуникативдүү ыкмада экинчи тилди окутуунун өзгөчөлүгү боюнчы билимдерин жогорулаткан. Бул ыкманан өзгөчөлүгү окуучуларга теманы, тилди жөнөкөйлөтүп берүү. Ыкманы колдонууда окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу өсүп, кээ бир окуучулар өнөй сүйлөп, өз ойлорун билдирүүдө. 2017-2018-окуу жылында англис тилинен берген мугалимдер жаңы метод боюнча маалыматт алышып, өз сабактарында колдонууда. Жылдын жыйынтыгында бул ыкманы колдонуу окуучулар жана мугалимдер үчүн аябай ыңгалуу жана жеңил экенин билдик. Жалпысынан кыргыз тилин окутууда башка улуттагы окуучулар сүйлөөгө аракет жасаганын байкап, кыргыз жана англис тилдерине кызыгуу артууда экендигине баа бердик.

Ар бир жылдын март айында кыргыз тили декадасы өткөрүлөт.Бул жылкы декаданын өзгөчөлүгү кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер өткөргөн ачык сабактарын жаңы ыкмалар менен өтүштү. Коммуникативдүү методдун өзгөчөлүгү окуучуларга багыт берүү, алардын ой жүгүртүүсүнө карай тапшырма даярдоо. Экинчиден ар бир кадамын баалоо.Бул багыттыр окуучулар үчн аябай кызыктуу жана түшүнүнтүү. Усулдук бирикмедеги мугалимдердин өткөргөн ар бир ачык сабактарын пландарына жараша жаңы идеялар менен кызыктуу өткөрүштү. Кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер план боюнча ачык сабактарды беришти.

***Апрель***

Ар бир окуу жылында келген жаш адистер менен иштөө планы каралат жана аткарылат. 2017-2018-окуу жылынын сентябрь айынан баштап Чет тилдер усулдук бирикмесине жаш мугалим Атабаева Жамал мугалимдердин катарын толуктады. Атабаева Ж.бир жылдык тажрыйбасы бар, бирок бүгүнкү күнгө чейин көп убакыт үйдө отуруп калгандыктан биз бул адиске жардам берүүнү чечтик. Журнал толтурууда, күнүмдүк план жазууда, азыркы заманбап методдорду колдонууда кеңеш берүү максатында англис тили мугалими Мыктыбекова К.М. насаатчы катары бекиттик.
«№54 жалпы орто билим берүү мектебинде иштөөгө шакирт даярдоо ишин дагы колго алдым. 2017-2018-окуу жылынан тартып Атабаева Жамал менен биргелешип иштеп келе жатамын.Жамал, англис тили боюнча жаш адиске ар тараптан жардам көрсөтүлүп келе жатат.Сабак өтүүдө мугалим жана окуучу деген темада көптөгөн кеңештер берилип турат. План –конспекти,календардык план түзүүгө ар убакта жардам берилип,кеңештер айтылып ,ар түрдүү кагаз иштерине кылдаттык менен үлгүлүү жазууга жол көрсөтүлдү.Сабактарына катышып,сабактын ар бир этабында кандай кылуу керек экендиги тууралуу кенеш берилип турат.Ошону менен бирге жаш адис өзүнө жардам керек экендигин сезүү менен айтылган кеңештерди туура кабыл алат»-деп насаатчы мугалим Мыктыбекова Кыял Мыктыбековна өз оюн билдирип келет.

***Май***

Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү жат жазуу,тест,текшерүү иштери алынды.Бул алынган жыйынтыктарга мониторингдер түзүлдү.

Жаш адистердин устаттары аткарылгн пландары жонундо отчетторун беришти.

Мамлекетт ик тил боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын,майрамдардын отчёту берилди.

Ар бир предмет боюнча өткөрүлүүчү көчүрүү,мамлекеттик экзамендердин даярдыктары текшелилди. Жылдык жыйынтык боюнча чейректик жана жылдык маниторингдер түзүлдү.

2018-2019-окуу жылына карата пландар түзүлдү.

Ч.Т.Б.жетекчиси Абдысаитова Д.А.